Улуттук банк баяндайт

Биринчи кварталдын жыйынтыктары: эксперттик көз караш

Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, "Кыргыз Туусу"

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында анын төрагасынын орун басары Сүйөркул Абдыбалы тегиндин жетекчилиги астында Эксперттик форумдун кезектеги отуруму болуп өттү. Анда эксперттер Улуттук банктын үстүбүздөгү жылдын I кварталы үчүн акча-кредиттик саясатынын жыйынтыктарын талкуулашты жана анын ишин жакшыртуу боюнча өз рекомендацияларын беришти. Мындай форумдар өлкөнүн башкы банкынын жетекчилигине учурда өзү жүргүзүп жаткан саясаттын тууралыгына ынануу же ага айрым бир өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн зарыл.



Улуттук банктын башкы имараты

Биринчи кварталдын жыйынтыктары боюнча статистикалык маалыматтар өлкөдө *реалдуу секторду* кыйдаал жакшыргандыгын көрсөткөн. Экономикадагы өсүш 7,6%ды түзгөн. Мында негизги ролду иштетүү өнөр жайындагы, анын ичинен Кумтөр ишканасындагы өсүш ойногон. Кумтөрдөгү өсүш – 3,1%, аны кошпогондо экономикалык өсүш 4,5% болот. Кумтөр демекчи, быйылкы прогноз боюнча аталган ишканадан жыл ичинде 5,2 миллиард сом бюджетке түшө тургандыгы каралган. Бул быйылкы бюджеттеги 16,9 миллиард сом тартыштыктын дээрлик 30%га жакыны. Ошондуктан көп нерсе аталган ишкананын туруктуу иштөөсүнөн көз каранды.

16,9 миллиард сомдук тартыштыктын 10,8 миллиард сому тышкы булактардан, 5,3 миллиард сому ички булактардан финансылануусу каралган. Эксперттердин пикири боюнча бул өзгөчө көңүл бурууну талап кылган олуттуу маселе.

Инфляция бул мезгилде олуттуу болгон жок. Ал биздин өлкөдө негизинен азык-түлүк продуктыларына баалар менен байланышкан. Биз көп азык-түлүктү импорттогонубуздан улам, ички рыноктогу баалар дүйнөлүк азык-түлүк рынокторундагы баалардан көз каранды. Эксперттердин пикири боюнча, өлкөдө азык-түлүк коопсуздугу контролдонмоюнча бул тенденция улана бермекчи.

Эл аралык уюмдардын прогноздору боюнча, жакынкы мезгилде сүт азыктарын эсепке албаганда, башка азык-түлүктөрдүн негизги түрлөрүнө баалар минималдуу болмокчу. Улуттук банктын адистеринин алгачкы (өткөн кварталдагы) прогнозунда азык-түлүккө баалар мурдагы деңгээлде калат, атүгүл, бир азыраак өсөт деп белгиленген. Эми инфляция да төмөн болот деп болжолдонулууда. Жыл аягында инфляциянын көрсөткүчү 7-8%дын тегерегинде болмокчу.

Биринчи кварталда жана апрелде сомдун курсу 1 сом 60 тыйынга чейин төмөндөгөн, ушундай шартта гана Улуттук банк тарабынан бир күндүк 14,7 миллион доллар көлөмүндөгү акчалай интервенция жүргүзүлгөн. Ошого карабастан, сомдун курсу негизинен азырга чейин бир калыпта калууда.

Апрелдеги валютага суроо-талаптын өсүшүн эксперттер нефть продуктыларына пошлина көбөйөт дегенден улам, нефтетрейдерлер товарды алдын ала сатып алышканы, ага валютаны сатып алуу менен жумшашканы жана башка сезондук факторлор менен түшүндүрүшкөн.

Негизи Улуттук банк валютанын курсун аныктоого түздөн-түз катышуудан качуу аракетин көрүүдө, ошол үчүн интервенцияларын азайтууда. Салыштыруу үчүн айтсак, 2011-жылы мындай катышуу 250 миллион долларды, 2012-жылы – 40 миллионго жакын долларды түзгөн. А быйыл, азырынча бир жолку катышуу, жогоруда айтылгандай, 14,7 миллион доллар көлөмүндө болду.

1-апрелге карата өлкөдөгү акча базасы 64,7 миллиард сом, анын ичинен жүгүртүүдөгү акчалардын суммасы 56,7 миллиард сом болгон. Бул биздин экономика накталай акчага багытталган боюнча калууда дегенди билдирет. Ошол эле учурда накталай эмес акча жүгүртүүнүн көлөмүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программа жүзөгө ашырылууда.

Быйылкы жылы кандай көйгөйлүү маселелер болушу мүмкүн? Биринчиден, мамлекеттик финансы сектору өзгөчө көңүл бурууну талап кылууда. Анткени, мындагы биринчи тобокелчилик Кумтөр ишканасы менен байланышкан. Экинчиден, тышкы финансылоо кечиксе, же келбей калса, ал кошумча тобокелчилик булагы болуп калмакчы.

Биринчи кварталда бюджеттин профицити 3 миллиард сомду түзгөн. Ошол эле учурда, эксперттер бул факт анча көңүл жубата бербей тургандыгын белгилешти. Анткени, жылдын аягында чыгымдар олуттуу өсө баштайт, ошондо айрым проблемалар келип чыгышы мүмкүн. Андай болбогон күндө, азырынча бюджетти аткарууда олуттуу проблема жок.

Быйылкы *бюджетти түзүүдө* Өкмөт өтө сак, консервативдүү мамиле жасаган. Мурдагы жылдардагыдай болуп айрым булактардан – мисалы, приватташтыруудан, лицензияларды сатуудан түшчү каражаттарды бюджетке кошкон эмес. Алар факт жүзүндө гана кошулмакчы. Бул да бюджетте резерв болуп калды.

Быйылкы жылы эл аралык финансы уюмдары кошуна Казакстан менен Россиянын жылдык өсүш темпин кайра карашып, мурдагы прогноздолгондогудан азайтышууда. Мунун кыйыр кесепети бизге да тиймекчи. Анткени биздин эмгек мигранттарынын акчалай трансферттери азаюусуна алып келиши мүмкүн. Элестүү айтсак, кээ бир изилдөөлөргө караганда, Россиянын экономикасындагы 1%дык төмөндөө биздин мигранттар тарабынан бизге акча которуулардын 6%га төмөндөшүнө алып келет. А бута чейин трансферттердин көлөмү жыл сайын 15%дан кем эмес өсүп турган

Улуттук банк *акча-кредит саясатынын каражаттарын кеңейтүү жана кредиттөөнүн өсүшүнө көмөк көрсөтүү* үчүн рефинансылоо максатында *кредиттик аукциондорду* өткөрүү чечимин кабыл алган. "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан рефинансылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттары үчүн кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө" жобо ишке киргизилип чыгып, ал Улуттук банктын башкармалыгынын 14.11.2012-ж. №42/3 токтому менен бекитилди.

Анын максаты – коммерциялык банктарга экономиканы финансылоого, рефинансылоого жана улуттук валютада ликвиддүүлүктү колдоого ресурстарды берүү болуп саналат. Коммерциялык банктардын кредит каражаттарын кайтаруу боюнча милдеттенмелери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баалуу кагаздары жана Улуттук банктын нота-лары, Улуттук банктын үстөк пайызсыз депозиттик эсебинде турган акча каражаттарына талаптар укугу түрүндөгү накталай эмес чет элдик валютасы, банктын Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин 16.06.2011-ж. №12/2 токтому менен бекитилген Белгилүү бир мүнөздөмөлөргө ылайык келүүчү кредиттердин портфелин түзүү боюнча рекомендацияларына ылайык келүүчү кредиттик портфель/кредиттер боюнча талаптар укугу түрүндөгү күрөө менен камсыздалат.

Алгачкы кредиттик аукцион 2012-жылдын 17-декабрында кредиттин мөөнөтү – 3 ай, сунуш кылынган кредиттик каражаттардын суммасы – 100 миллион сом, минималдуу үстөк пайыздык ставка – 5,5% параметрлери менен өткөрүлгөн. Бирок ага 1 гана банк катышкандыктан, болбой калды деп эсептелген.

Быйылкы жылдын 28-январында жана 11-февралында ошондой эле параметрлер менен аукциондор өткөрүлүп, коммерциялык банктар тарабынан суроо-талап болбогондуктан, кайрадан болбой калды деп эсептелген.

Улуттук банктын Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечими менен 18-мартта өткөрүлгөн аукциондун параметрлери өзгөртүлгөн. Бул жолу кредиттин мөөнөтү 3 айдан 6 айга узартылган, сунушталган кредиттик каражаттардын суммасы 300 миллион сомго чейин көбөйтүлгөн, минималдуу үстөк пайыз ставкасы 3,7%га чейин төмөндөтүлгөн.

Бул аукционго 3 коммерциялык банк катышып, орточо салмактанылган үстөк ставкасы 3,7% болуу менен жайгаштыруу көлөмү – 95 миллион сомду түздү.

Жалпысынан Улуттук банк өткөргөн аукциондордо 132 миллион сом суммадагы кредиттер жайгаштырылды.

Кредиттик аукционду өркүндөтүү жана банк системасынын экономиканы кредиттөөсүн өнүктүрүү максатында Улуттук банктын төрайымы Зина Асанкожоева 14-мартта коммерциялык банктардын жетекчилиги жана Банктар союзунун төрагасы менен жолугушуу өткөргөн. Мында анын катышуучулары бул проблема боюнча өздөрүнүн пикирлерин айтышты жана сунуштарын беришти. Атап айтканда, күрөөлүк камсыз кылуу тизмесин кеңейтүү жана кредит ресурстарын 6 айга бир жолу пролонгациялоо мүмкүнчүлүгүн кароо сунушталган.

Жолугушуунун натыйжасында Улуттук банк тарабынан "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан рефинансылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттары үчүн кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө" жобонун жаңы редакциясы иштелип чыгып, ал УБнын башкармалыгынын 24.04.2013-ж. №13/18 токтому менен бекитилди.

Ага ылайык, кредиттик аукциондорду өткөрүүнү максаты болуп банктарга рефинансылоо жана банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо максаттары үчүн кредиттик ресурстарды убактылуу берүү саналат.

Улуттук банк берген кредиттер максаттуу багытта болууга жана коммерциялык банктар тарабынан өнөр жайын, анын ичинен экспортко багытталган жана импортту алмаштырган тармактарын, айыл чарбасын, анын ичинен даярдоо жана кайра иштетүү, мал чарбасы жана дыйканчылык, транспорт, байланыш жана кызматтар чөйрөсүн, курулуш, туризм, соода жана коммерция тармактарын кредиттөө үчүн пайдаланылууга тийиш.

Жогоого ылайык, кредиттик ресурстарды пайдалануу боюнча чектөөлөр да аныкталган. Банктар бул каражаттарды банктар аралык рынокто, валюталык рынокто жана мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун кошо алганда баалуу кагаздар рыногунда операцияларды жүргүзүү үчүн, өздөрүнүн инсайдерлери же аффилирлешкен адамдары менен операцияларды жүргүзүү үчүн пайдаланууга укуксуз.

Банктар аукциондон алышкан кредиттик ресурстарды банктык эмес финансы-кредиттик мекемелерди (БФКМ) рефинансылоо үчүн пайдаланууга укуктуу. Ошол эле учурда кредиттик ресурстарды алууга укуктуу БФКМлардын тиби жана аларга коюлуучу критерийлер УБнын башкармалыгы тарабынан бекитилет жана банктарга маалымдалат.

Жободо белгилүү бир шарттарды аткарган банктарга берилген кредиттик ресурстар УБ тарабынан дагы 6 айга пролонгацияланышы мүмкүндүгү пункту киргизилген. Мында үстөк пайыз ставкасы баштапкы Кредиттик келишимде үстөк пайыздын же акыркы болуп өткөн кредиттик аукциондо аныкталган үстөк пайыз ставкасынын максималдуусуна тең үстөк пайызда болмокчу.

Форумдун аягында анын катышуучулары Улуттук банктын жетекчилигине бир катар рекомендацияларды беришти. Алар:

– Улуттук банк тарабынан буга чейинки жүргүзүлүп келе жаткан саясатка анчалык дооматтар жок болгондуктан, аны улантуу;

– Рефинансылоону колдоо жана ал боюнча механизмди мындан ары улантуу жана кеңейтүү;

– Бул механизмди андан-ары улантуу үчүн ашыкча ликвиддүүлүктү алып салуу;

– Өкмөттүн финансылык кеңешчиси катарында Улуттук банктын ролун активдештирүү.